КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ
НООКЕН РАЙОНУ
БҮРГӨНДҮ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
НООКЕНСКИЙ РАЙОН
БУРГАНДИНСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ

Бүргөндү айылдык кеңешинин
XXVIII – чакырылышынын кезектеги XVIII – сессиясынын

Жаңы-Арык айылы **№ 7 – Т О К Т О М У** 6-апрель 2023-жыл

**“ Бүргөндү айыл аймагындагы балдар бакчаларынын жетекчилеринин кайрылуусун кароо жөнүндө”**

Аймактагы №5 “Белек”, №23 “Келечек”, №28 “Алтын-Уя”, №30 “Бөбөк”, №32 “Таң-Нуру”жана №43 “Керемет” жалпысынан 6 балдар бакчасында тарбияланып жаткан балдардын тамак-аш үчүн айына 600 сом өлчөмүндөгү төлөмүн 800 сом өлчөмүндө бекитип берүү жөнүндөгү балдар бакчасынын жетекчилеринин биргелешип жазган кайрылуусун жана ага тиркелген ата энелер менен болгон жыйналыштын протоколдору менен таанышып чыгып жана талкуулап Бүргөндү айылдык кеңешинин XXVIII – чакырылышынын кезектеги XVIII – сессиясы

**Т О К Т О М  К Ы Л А Т:**

1. Бүргөндү айыл аймагындагы балдар бакча жетекчилеринин биргелешип жазган кайрылуусу эске алынсын.

2. Ата-энелердин жыйналышынын протоколдорунун негизинде, айыл өкмөттүн аймагындагы бала бакчада тарбияланып жаткан балдардын тамак-аш үчүн бир айга 600 сом деп белгиленген төлөмү 800 сом өлчөмүндө бекитилсин.

3. Кабыл алынган токтомду мыйзамдуу аткарууга алуу жана ата-энелерге тааныштыруу жагы балдар бакча жетекчилерине милдеттендирилсин.

4. Токтомдун мыйзамдуу аткарылышына көзөмөл жүргүзүү жагы айыл өкмөтүнүн башчысы З.Арстанбековго тапшырылсын.

5. Бул токтом массалык маалымат каражаттарына же сайтка жарыялансын.

6. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Бүргөндү айылдык кеңешинин Мыйзамдуулук, укук тартиби, депутаттык иш жана этика маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы М.Толубаевке милдеттендирилсин.

**Бүргөндү айылдык кеңешинин төрагасы:** ______________ **Б. Кубатов**